активдештирүү, духовный-эмоционалдык байлыгын арттыруу, көркөм табитин өстүрүү» (6) турмуш чындыгын үйрөнүүдө – таалимдин турмуш менен карым- катнашын үйрөтүүдөн тураарын билген, окуучунун эстутуму кенен масштабда жана жыйынтыктуу болушу үчүн мугалим дидактика- нын ар дайым турмуш менен тыгыз байланышта болушуна жетишүүсү зарыл. Себеби «акыл маданияты менен адеп маданияты бирин-бири коштоп, жандап, толуктап турган ыйык адамдык сапаттардын негизгиси экендигинен» улам студент окутуучунун берген билим-тарбиясын узак мөөнөттүү эс тутумунда кабыл алып, аны түшүнүп, колдонуп, талдап, баалап өзүнүн бардык күчүн кызыгып билим алууга жумшайт. Демек, мындан окутуучу билим берип, студент алган билимин эс тутуму аркылуу жыйынтык чыгарат. Анын натыйжасы бири-бири менен тыгыз байланыштагы ой жүгүртүү аркылуу пайда болгон турмуштук далилдерге айланаары айкын.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Активные формы и методы обучения // Составитель: проф. Мамбетакунов Э. – б.: 2007. – 45 с.
2. Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. - Бишкек: 2004.
3. Байгазиев С.О., Рысбаев К С. «Педагогикалык тажрыйба» Изденүүлөр жана тажрыйбалар. - Ф.: Мектеп. 1989 30 - бет, 58 - бет.
4. Галперин П.Я. Психология мышления и учение о поэтапном формировании умственных действий //Исследования мышления в советском психологии - М.: 1996. 213 - б.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I том. - Ф.: «Илим». 1987. (Цитата)
6. Крофорд А., Солсо В., Мэтьюз С.Р., Макинстер Дж. Уроки критических мыслителей: стратегии активного обучения и критического мышления. Публикация проекта развитие критического мышления через чтение и письмо. - Режим доступа: www.rwct.net

**Рецензент: к.п.н. доц., Асанакунов Т.**

УДК 37.036.5 – 057.875:371.322.7

**Исмаилов А. У., Асанова Н. Т.**
И.Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тил кафедра башчысы, доцент,
И.Раззаков атындагы КМТУнун окутуучусу

## СТУДЕНТТЕРДИ ДИЛ БАЯН ЖАЗДЫРУУ АРКЫЛУУ АЛАРДА РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МААНИСИ

*Бул макалада студенттерди чыгармачылык жазуу иштерин (дилбаян) жаздырууга үйрөтүүнүн маселелери: көпчүлүк окутуучулардын жазуу ишинин бул түрүнө студенттерди даярдоодогу көңүл кош мамилеси, студенттерди жоопкерчилик- сиздикке жана кайдыгерликке алып келүүчү баалоодогу формалдуулук, тематикалык бир түрдүүлүк ж.б. каралган. Дилбаян жаздырууга үйрөтүү аркылуу руханий, адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруу боюнча окутуучуларга усулдук сунуштар берилген.*

**Ачкыч сөздөр:** *социалдык компетенттүүлүктөр, руханий баалуулуктар, адеп-ахлактык түшүнүктөр, сырткы мотивация, өзүн-өзү таанып билүү, сынчыл ойлом, ой жүгүртүү ишмердүүлүгү*

**Исмаилов А. У., Асанова Н. Т.**
Зав. кафедрой «Кыргызского языка» КГТУ им. И.Раззакова, доцент,
Преподаватель КГТУим. И.Раззакова

## ВАЖНОСТЬ ФОРМИРОВАНИЯ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ У СТУДЕНТОВ ЧЕРЕЗ ОБУЧЕНИЕ НАПИСАНИЯ СОЧИНЕНИЙ

*В этой статье рассмотрены проблемы обучения студентов творческим письменным работам (сочинение): равнодушное отношение большинства преподавателей в подготовке студентов к этому виду письма; формализм в оценивании, который приводит учащихся к безответственности и безразличию; тематическая однообразность сочинений. Даны методические рекомендации преподавателям по формированию нравственных, духовных ценностей через обучение написания сочинений.*

**Ключевые слова:** *социальные компетентности, духовные ценности, нравственные понятия, внешняя мотивация, самопознание, критическое мышление, мыслительная деятельность и т. д.*

**A.U. Ismailov, N.T. Asanova**
Chief of “the Kyrgyz language” department KSTU n.a. I. Rassakov
Teacher KSTU n.a. I. Rassakov

## TNE IMPORTANCE OF FORMATION 0F SPIRITUAL VALUES AT STUDENTS THROUGH STUDYING IN COMPOSITING WRITING

*The article are looked over actual student’s problems studying composition writing: indifferent majority of literature teachers in teaching students for this type of letter; formalism in the evaluation, which makes students irresponsible and indifferent; composition’s thematic diversity of essays. In article medical recommendations for teachers for formation moral, spiritual values given through studying in essays writing.*

**Key words:** *social competence, spiritual values, moral concepts, out world motivation, self – knowledge, critical thinking, intellectual activity and et.c.*

**Киришүү.** Сабакта студенттерге дилбаян жаздыруу жазуу ишмердүүлүгүнө үйрөтүүчү жана социалдык компетенттүүлүктөрдү, инсандык баалуулуктарды калыптандыруучу негизги форма катары каралып, айрыкча мааниге ээ болушу керек эле. Тилекке каршы, азыркы учурда дилбаян жаздыруу андай максатта эмес, студенттердин билимин баалоонун формасы катары гана колдонулууда. Дилбаян жазууда, аны баалоодо формализмге абдан жол берилип, ушуну менен ал билимди баалоонун формасы катары да толук максаттуу колдонулбай жатканы чындык. Реалдуу айтканда, орто мектепти бүткөн он кыргыздын тогузу дилбаян жаза албайт. Чындыгында, дилбаян жаздыруунун көйгөйлөрү, методикасы, дилбаяндын типтери, түрлөрү, тематикасы, дилбаян жаздыруу аркылуу студенттерде социалдык компетенттүлүктөрдү калыптандыруу ж.б. маселелер белгилүү кыргыз педагог-окумуштуулары: Б.Алымовдун, А.Муратовдун, С.Рысбаевдин эмгектеринде каралып, окутуучуларга бул жаатта усулдук сунуш-кеңештер жакшы эле берилген. Ошентсе да, дилбаян жаздыруунун тегерегинде айтылып келаткан жалпыга белгилүү проблемалар арбыбаса, азайган жок.

**Көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору.** Эмне үчүн кыргыз мектептеринде окуган балдардын көпчүлүгү ЖОЖго келгенде жакшы дилбаян жаза алышпайт? Дилбаян жаза билүүнүн өзү кийинки турмушунда зарыл керектүү нерсеби? Дилбаянды таланттуу гана студенттер жаза алабы, же ар бир эле студентти мыкты дилбаян жазууга үйрөтүүгө болобу? Дилбаян жазуунун техникалык жагын мыкты өздөштүргөн, сабаттуу жаза алган студенттин жан дүйнөсү бай, адептик тарбиялуулугу жогору деп ишенүүгө болобу? Мындай суроолор кыргыз тилинен сабак берген окутуучуларды да, окумуштууларды да түйшөлтүп келет. «Чындыгында, - деп жазат окумуштуу С.Рысбаев, - дилбаяндын баланын адабий билимин, түшүнүктөрүн, жазуу сабаттуулугун, байланыштуу кебин, сөзүнүн байлыгы менен кебинин маданиятын бекемдеп өстүрүүдө ролу чоң. Ал тургай, студенттер дилбаян жазып жаткан көркөм чыгарманын өзөгүндө жаткан нравалык-эстетикалык идеяларын боюна сиңирүүдө, ички дүйнөсүнүн калыптануусунда, табиттерин, ишенимдерин бекемдөөдө да мааниси

кеңири. Ал үчүн дилбаяндарда баланын алдына коюлган проблемаларды өз алдынча чечүүгө кылган аракети бааланууга тийиш.» [1.]

Дилбаян жаздыруудагы басым программалык материалдын өздөштүрүлүшүн текшерүүгө эмес, студенттеги руханий баалуулуктардын калыптанышына жана инсан катары калыптанууга жол ачуучу өз пикирин билдирүү, талдоо, жыйынтык чыгаруу билгичтиктеринин калыптанышына коюлушу зарыл. Дүйнөгө белгилүү педагог М. Монтессори «баланын социалдык жактан өнүгүүсүнө жардамдашып жатабыз деп сезбегендик кылып, чоңдор балага үстөмдүк кылып, аны эркинен алсыратып жана ага каршы чөйрөдө болууга мажбурлоосу баланы түнт кылып, баланын инсандыгынан баш тартууга алып барарын» өзүнүн эмгектеринде айтып келет. [2.] Ал эми дилбаян жазууга үйрөтпөй туруп, жакшы дилбаян жазгын деп талап кылып, «2» коём деп студенттерди коркутуп жүргөнүбүз мажбурлоо эмей эмне? «Адеп-ахлактуулукка негизделбеген билимдин эч кандай мааниси жок» деген Л.Н.Толстойдун сөзүн эске алсак, маанисиз, максатсыз эле дилбаян жазууга мажбурлоо менен, начар жазылган, китептен көчүрүп алган дилбаяндарга деле көз жумуп жакшы баа бере берүү менен биз студенттерди жоопкерчиликсиздикке, кайдыгерликке, калп айтууга, жан бактылыкка үйрөтүп жатабыз. Мындай абалдан улам улуттук олуттуу проблема жаралат. Дилбаян чыгармачылык иш болгондуктан, аны аткаруу үчүн өзгөчө абал, илхом, сезимдердин толкуну, ой чабыты, маалыматтуулук керек. Ал эми, бир–эки лекцияда отуруп дилбаян жазууга мажбурлоо, дилбаянды кайра оңдоп, толуктап чыгууга мүмкүндүк бербестен дароо болгон баасын берүү студентти көчүрүп алууга, эптеп жазып кутулууга гана түртө турганын эсибизден чыгарбашыбыз керек. Студент дилиндеги сырларын, жан дүйнөсүндөгү сезимдерин, намысын козгогон, тынчтык бербей түйшөлткөн ойлорун, кыял чабытын төгүп жазгыдай эмне кылдык деги? Ошого ылайык тема сунуштадыкпы? Машакаттуу, бирок адамды арбап алуучу чыгармачылык эргүүнүн даамын татыта алдыкпы? Мыкты дилбаян жазууга студенттин кызыгуусун жарата алдыкпы? Талантуу жазылган дилбаянын баалап, барктап жарыкка чыгардыкпы? Азыркы студенттердин жашоо түшүнүктөрү таптакыр башкача, ар бир аткарган иштен өзүнө келүүчү пайданы издешет. Эгерде окутуучу экзамен алыш үчүн эле дилбаян жазууну тапшырса, сөзсүз түрдө эптеп кутулуу аракетиндеги дилбаяндар жазыла берет. Бирок, дилбаян жазууга үйрөнүү келечекте мыкты инсан, кесип ээси болууга, ийгиликтерге жетүүгө жол ачарын жакшы түшүндүрүп жеткире алса, жалаң эле баа үчүн эмес, турмушунда ошол билгичтикти колдонуу үчүн студент чындап аракет кыла баштайт. Буга турмуштук бир мисал келтире кетүүнү туура көрдүк. Чет жерде билим алып жүргөн мурдагы студенттерибиздин бири аба-ырайын алдын ала болжолдоочу супер-компьютерди (баасы бир миллион доллар) Дүйнөлүк банкка долбоор жазуу менен гранттык негизде утуп алып, Кыргызстандын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине тапшырган экен. Ошол ийгилигине окуу жайдан алган билим, тарбия негиз болгонун айтып, ыраазычылык билдирүүгө келиптир. Студенттер менен маектешип жатып, дилбаян жазууга үйрөнгөнү жакшы проект жазууга себеп болгонун баса белгилеп, бир дилбаянды жазыш үчүн көп материал окуп изденгенин, аны бир нече жолу жазып, араң ийине жеткиргенин, бирок кийинки дилбаяндарын оңой жазганын, дилбаяндар аркылуу мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу түшүнүгүн, ой өрүшүн кеңейткенин баяндап берди. Университетте окуп жатып башкалардын курстук иштерине, рефераттарына жардам берип акча тапканын да кошумчалап кетти, акыл эмгегине көнүгүү адамды интеллектуалдык жактан гана өстүрбөстөн, материалдык байлык да алып келээрин жеткиликтүү түшүндүрдү. Ушул окуядан кийин студенттердин көбү дилбаян жазууга мамилесин өзгөрттү. Эки жыл ичинде группадагы көпчүлүк студенттер дилбаян жазууда кадимкидей өсүшкө жетише алышты. Бул жерде сырткы мотивация негизги ролду ойноду. Бирок, каалоо, кызыгуу - иштин башталышы гана болуп саналат. Ийгиликке жетүүнүн жолунда талбаган эмгек жана чыдамдуулук окутуучудан да, студенттен да талап кылынат. Кызыктыруу жалаң мотивациялоодон турат деп түшүнбөө керек. Албетте, жеке инсанга багытталгандык, системалуулук, жеңилден оорду карай принциптери жетекчиликке алынбаса, студенттерди

кызыктырууга да, өстүрүүгө да мүмкүн эмес. Окутуучулардын көпчүлүгү дилбаян жаздырууга үйрөтүүдө жеке инсанга багытталган мамиленин зарылдыгына маани беришпейт. Студенттердин кызыгуусун, жеке мүмкүнчүлүктөрүн байкоо, жеке өсүштөрүн белгилөө көңүлгө алынбайт. Дилбаяндарды текшерүүдө комментариясыз баа беришет да, “5” ке баалаган иштерге гана типтүү рецензия жазышат (аны да модулдук дилбаяндарга гана жазышат). Мындан сырткары жат жазууларды, тесттерди, конспектилерин да текшерүү керек. Жазуу ишин текшерүүгө эмгек акы өтө аз төлөнгөндүктөн, окутуучу болбогон акча үчүн убактысын, көз майын коротуп отургусу да келбейт. Кыргыз тили, адабиятынан сабак берген окутуучулар тарабынан кетирилип жаткан дагы бир орчундуу кемчилик – студенттерди рамкага салуу т.а. бардыгына бир теманы берип, бирдей талап коюу. Окумуштуу А.Муратов дилбаяндардагы типтүү кемчиликтерди анализдеп келип, «дилбаяндын жанрдык ар түрдүүлүгү окуу жайларда практикаланбай жаткандыгын» өкүнүү менен белгилеп, анын себептеринин бири катары тематикалык чектелүүнү эсептейт. [3.] Окумуштуу С.Рысбаев: «Бүгүнкү кыргыз мектебинин тажрыйбасында дилбаяндын жалпыга белгилүү үч түрү бар: атап айтканда, биринчиси - жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу; экинчиси – чыгарманын идеялык – тематикалык мааниси жана үчүнчүсү - андагы образдар системасы жөнүндө», - деп жазуу менен дилбаяндар тематикалык жактан гана чектелбестен түрү боюнча да чектелип жатканын белгилеген. [4.] Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн окуу жайларда орус адабиятын окутууда каармандардын адеп-ахлактык, ички изденүүлөрүн жана чыгармалардагы адеп-ахлактык түшүнүктөрдү талдоого багытталган темалар көп сунушталат экен. Мунун өзү студентти жаман-жакшыны аңдап билүүгө, салыштырууга, аргумент табууга, өз алдынча жыйынтык чыгарууга түртүп, инсандык жактан калыптануусуна шарт түзөт. Адабиятты окутуунун маани-маңызы да ушунда эмеспи. Чындыгында эле, дилбаян жазууга сунушталган темалардын актуалдуу, кызыктуу болушу дилбаяндардын ийгиликтүү жазылышын шарттайт. «Дилбаян - чыгармачылык иш, ошондуктан ал кызыгуу менен аткарылышы маанилүү. Чыныгы кызыгуу эмне тууралуу жазарын жакшы билген учурда гана пайда болот. Канчалык тема жөнүндө көп билсе, ошончолук жекече пикири көп болот. Бирөөлөрдүн пикирин кайталагандан көрө өз пикирин айтуу алда канча кызыктуу эмеспи», - деп жазат орус окумуштуусу А.А. Крундышев. [1]. Бир эле программалык материалга байланыштуу бир нече варианттагы дилбаяндын темаларын сунуштоого болот. Мисалы: «Жүрөктү ойготкон обон», «Алар сөзсүз бактылуу болушат», «Эгер согуш болбогондо», «Элдик салт, сүйүү жана эркиндик», «Август түндөрүнүн кереметі», «Жамийла» повестиндеги проблемалар бүгүн актуалдуубу?» деген темалардын бардыгы Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестине байланыштуу. Студенттер өздөрү тема койсо да болот. Негизгиси рамкага салып кыйнабаш керек. Кыялданып, ички сезимин билдирип, психологиялык маанайдагы дилбаян жазабы, же бир маселени талдап, ой жүгүртүү тибиндеги дилбаян жазабы студент өзү тандаганы оң. Ал экөөндө тең бир нерсеге карата мамилесин билдирет. Эң маанилүүсү дилбаян башка адабий чыгармалар сыяктуу эле адамдын жан дүйнөсүн аруулай турган, аң-сезимине таасир эте турган мүнөзгө ээ болушу жана дилбаянда студенттин жеке пикири, оригиналдуу ой жүгүртүүсү көрүнүп турушу абзел. Окутуучу студенттин дилбаянынан анын адамдык жүзүн, адеп-ахлактык түшүнүктөрүн, тарбиялуулугун көрө билип, аларды убагында кеп-кеңештери менен оңдоп-түздөп отурса гана, студенттин ички дүйнөсүнүн ачылышына мүмкүнчүлүк түзө билген учурда гана белгилүү ийгиликтерге жетишүүгө болот.

**Корутунду.** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында деле мыкты дилбаян жазган студенттер бар. Окутуучулардын жаңылыштыгы ошол таланты бар студенттер менен гана иштеп, калган студенттердин көчүрүп алуусуна, жаза албай жатышына көз жумду мамиле кылгандыгында. Бардыгын эмес, ар бирин дилбаян жазууга үйрөтүүбүз керек. Анткени ар бир студенттин өзүнчө дүйнөсү, өзүнчө кабыл алуусу бар. Ак баракты алдына коюп ойлоно баштаган кезинде студент өзү менен өзү сырдашат, өзүн-өзү таанып чыгат, өзүн-өзү үйрөтөт, өзүнө жаңы нерселерди таап чыгат. Акыл эмгегине, чыдамдуулукка, тырышчаактыкка,

жоопкерчиликке, эң негизгиси ойлоно билүүгө үйрө- нөт, асылдыкты, аруулукту сезүүнү, жамандыкка келишпес мамиле кылууну жан дүйнө- сүнөн өткөрөт, эл, жер, мекен, эмгек, ата-эне, сүйүү, достук, ынтымак ж.б.у.с. баалуулук түшүнүктөрүн кеңейтет. «Балким, өз алдынча жакшы, оригиналдуу дилбаян жазуу айрым таланттуулардын, адабиятты кесип кылууну көздөгөндөрдүн гана колунан келет дегендер бардыр. Бул туура эмес. Дайыма окуган, тырышчаактык менен аракет кылган, ойлоно билүүгө үйрөнгөн ар бир адам «эң жакшы» деген баага дилбаян жаза алат», - деп белгилейт окумуштуу А.А.Крундышев. [1.]. Демек, дилбаянды адабий билимдерди баалоонун формасы катары гана эмес, студенттерде руханий баалуулуктарды калыптандырунун жолу катары карап, дилбаян жаздырууга өзгөчө маани бергенибизде гана улуттук маанилүү дагы бир маселени чечүүгө аракет кылган болобуз.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Крундышев А.А., Как работать над сочинением. -Санкт-Петербург. 1992.
2. Монтессори М., Бала бардыгыбыз үчүн улуу табышмак.- Б.,–Мектеп. 2010. №2.
3. Муратов А.А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы.-Б., 2013.
4. Рысбаев С. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери.-Б., 2015.

**Рецензент: ф.и.к. доц., Мурасатов Б.А.**

УДК 81-13

**Конокбаева Г.Э.**
Кафедра иностранных языков КГУ им. И.Арабаева

## ЧЕТ ТИЛДЕРДИ ЫРЛАР АРКЫЛУУ ОКУТУУ

*Бул макалада чет тилин ырлар аркылуу уйротнун ээлеген маанилууорду жана аны окутуунун оз иш-тажрыйбада колдонулган тез натыйжалуу ыкмалары камтылды.*

**Негизги сөздөр:** *түрткү берүү, маданият, музыка, ырлар, угуу жана окуу.*

**Конокбаева Г.Э.**
Кафедра иностранных языков КГУ им. И.Арабаева

## ОБУЧЕНИЕ ИНОСТРАННЫМ ЯЗЫКАМ С ПОМОШЬЮ ПЕСЕН

*Эта статья посвящена преимущественной роли обучения иностранным языкам через песни и эффективных методов обучения, которые используются в собственной практике*

**Ключевые слова:** *мотивация, культура, музыка, песни, слушать и преподавательскую деятельность.*

**G. E. Konokbaeva**
Department of Foreign Languages of KSU. I.Arabaeva

## TRAINING FOREIGN LANGUAGES WITH HELP OF SONGS

*This paper is about the benefit role of teaching foreign languages through songs and its effective teaching methods which used in own practice.*

**Keywords:** *Motivation, culture, music, songs, listening and teaching activity*

Yes, how can we imagine our life without music! Music is omnipresent in modern life. You can hear it everywhere: on TV, radio, on the phone, at home, supermarket, restaurant and even when you are on the road. Listening to music is also one of the most popular leisure opportunities for young people and is therefore an undisputedly important motivation thrust in the classroom. Listening to songs constantly can be an alternative way to start a new habit to get new vocabulary.